**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д. 10.13.012 диссертациялык кеңеш**

Кол жазма укугунда

**УДК: 82.341(575.2) (043.3)**

Асаналиева Кыял Айбашовна

# ЭРНИС ТУРСУНОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИЗДЕНҮҮСҮ

**10.01.01 – кыргыз адабияты**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2014**

Диссертация К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана журналистика кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | филология илимдеринин кандидаты, доцент **Абакиров Курманбек.** |
| **Расмий оппоненттер:** | филология илимдеринин доктору, профессор **Үкүбаева Лайли,**<br>филология илимдеринин кандидаты, доцент **Эдилова Кынатай Миталиповна.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасы,<br>дареги: Бишкек ш., Тынчтык проспектиси, 27. |

Диссертация 2014-жылдын 27-июнунда саат 15-00дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.13.012 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти 265 а.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2014-жылдын 26-майында таркатылды.
Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ф.и.к., доцент Кадырмамбетова А.

## Изилдөөнүн жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** Э.Турсунов өз өмүрүн көркөм сөз өнөрүнө арнап, анын ысык-суугуна бышып, тынымсыз изденүү түйшүгүндө жүргөнүнө 60 жылга жакын мезгил өттү. Бул мезгилде анын калеминен ондогон, жүздөгөн ырлар, поэмалар, повесттер, новеллалар, аңгемелер, жомоктор, драмалар, романдар, түркүн котормолор, адабий процесс жана чыгармачылыктын түркүн маселелери тууралуу ой жүгүрткөн макалалар, маектер, атайын адабий, тарыхый иликтөөлөр жаралды. Алардын тематикасы ар кыл, козголгон жана ачыкка чыгарылган проблемалардын чоо-жайы да ар башка болгону менен көздөгөн максат-мүдөөсү кыргыз элинин өткөндөгү жана азыркы турмуш-тиричилигине тикелей байланышкан адам тагдырларын, тарыхый, маданий окуяларды жана күндөлүк өмүр-жашоо көрүнүштөрүн, адамды түбөлүк түйшөлткөн ой-сезимдерди көркөм баяндоо менен тереңден ачып берүүгө, ал аркылуу бүгүнкү жана эртеңки окурмандын жан-дүйнөсүн байытып, асыл идеяларга сугаруу вазийпасына барып такалат. Демек, бүгүнкү күнгө чейин эле анын узак жана түшүмдүү чыгармачылыгы кеңири жана терең, ар тараптуу иликтөөлөрдүн обьектиси болуш керек эле, анткени ал мындай мамилеге толук жарамдуу сүрөткер экендиги айгине.

Жанрдык-тематикалык жактан көп кырдуу жана кыйла көлөмдүү көркөм сөз туундуларынын автору Э.Турсуновдун чыгармачылык эволюциясына дүңүнөн болсо да байкоо салып, иликтөө, анын чеберчилигининин мүнөздүү жана урунттуу учурларын айгинелөө иши актуалдуулугун сактап турат. Анын чыгармачылык жолун өз мезгилинин адабий процесси менен тыгыз байланышта, адабий өнүгүштүн контекстинде караштыруу, анда ээлеген ордун, ийгиликтери менен мүчүлүштүктөрүн бирдикте системалуу изилдөө али да күн тартибинде.

Э.Турсунов сыяктуу калемгердин көп түстүү чыгармачылыгын көз жаздымда калтыруу мүмкүн эмес. Ансыз кыргыз поэзиясынын жана прозасынын, улуттук котормонун жана адабий-тарыхый иликтөөнүн, публицистикасынын кийинки 50-60 жылдагы картинасы толук болбой калат да, ушул кездеги улуттук көркөм сөз өнөрүнүн тематикалык, жанрдык-стилдик эволюциясы, көркөм-эстетикалык динамикасы да бир жактуу ыңгайда мүнөздөлгөн болуп чыгат. Кыскача айтканда, Кыргыз эл жазуучусу Э.Турсуновдун жарым кылымдан ашуун мезгилде жазган чыгармаларын жалпы сыпаттап, айрымдарын жалпы, айрымдарын терең талдоого алып,

алардын идеялык, көркөм-эстетикалык нарктуулугун айкындоо аркылуу анын жалпы чыгармачылык эволюциясын баамдап билүү жана улуттук адабиятыбызда алган ордун айкындоо маанилүү иш боюнча калууда. Анын чыгармалары тууралуу мурда-кийин айтылган пикирлер бул жерде сөзсүз эске алынары, белгилүү өлчөмдө таяныч боло тургандыгы да айгине. Анткени Э.Турсуновдун чыгармачылыгы сөз болгон мезгилдеги кыргыз адабиятынын, анын тигил же бул жанрынын ийгиликтерин да, мүчүлүштүктөрүн да мүнөздөөгө эң сонун материал болуп бере алат. Маселе аны кантип, кандайча жана кандай деңгээлде ачып берүү ишине гана келип такалат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Илимий иштин темасы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин филология факультетинин илимий иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Э.Турсуновдун советтик жана постсоветтик деп аталган доорлорду камтыган жарым кылымдык тарых бүктөмүндө жаралган поэтикалык (ырлар жана сонеттер), прозалык (негизинен романдар) чыгармаларынын урунттууларын адабий анализден өткөрүп, котормочулук ишмердигин (ирдүү котормолору боюнча) сыпаттап, акындык, прозаиктик жана котормочулук чеберчилигин ачып берүү аркылуу анын чыгармачылык эволюциясын, сүрөткерлик дараметин айкындоо жана улуттук адабияттын өнүгүшүндөгү ордун белгилөө сунуш кылынган бул диссертациялык *башкы* иликтөөнүн максаты болуп саналат.

Бул максатка ылайык төмөнкүдөй бир катар милдеттерди жүзөгө ашыруу аракети көрүлдү:

- Э.Турсуновдун чыгармачылыгына жалпы мүнөздөмө берип, анын эволюциясын ачып көрсөтүү;
- анын балдар ырлары менен лирикасынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн айгинелөө;
- акындын сонеттеринин идеялык-тематикалык көп түстүүлүгүнө, ой жүгүртүүлөрдүн оригиналдуулугуна назар салып, чеберчилигин ачып берүү, сонет жанрын кыргыз поэзиясына отурукташтыруудагы анын ролун белгилөө;
- дүйнөлүк поэзиянын үлгүлөрү аркылуу Э.Турсуновдун дагы да акындык-котормочулук чеберчилигин, алардын кыргыз адабияты үчүн маанисин айкындоо;
- Э.Турсуновдун проза жаатындагы, айрыкча тарыхый-

биографиялык роман жанрындагы изденүүлөрүнө токтолуп, анын табылгаларын жана кемчил жактарын ачып берүү;

- Э.Турсуновдун жогоруда аталган жанрлардагы чыгармаларын талдоо менен ошол мезгилдеги жана ошол жааттагы кыргыз адабиятынын жалпы өнүгүш картинасына, эволюциясына сереп салуу.

**Илимий изилдөөнүн жаңычылдыгы.** Э.Турсуновдун чыгармачылыгы алгач ирет толук жана ырааттуу изилденгендигине келип байланышат. Кийинки 50 жылдан берки кыргыз адабиятында поэзиянын (балдар поэзиясы менен граждандык лирика), айрыкча, сонет жанрынын, котормочулук иштин жана прозада тарыхый-биографиялык жанрдын өнүгүшүндө Э.Турсуновдун ролу конкреттүү талдоолор аркылуу аныкталып, тиешелүү бүтүмдөр чыгарылды. Кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүшү менен бирдикте Э.Турсуновдун чыгармачылыгынын системалуу жана белгилүү өлчөмдө толук караштыруунун өзү илимий иштин жаңычылдыгын айгинелеп турат.

**Изилдөөнүн теориялык-методикалык негиздери.** Адабият таануу илиминин Бахтин М.М., Белинский В.Г., Бушмин А.С., Горький М., Добролюбов Н.А., Луначарский А.В., Марков Д.М., Поспелов Г.Н., сыяктуу кеңири таанымал өкүлдөрү менен катар Акматалиев А., Артыкбаев К., Асаналиев К., Аскаров Т., Байгазиев С., Байжигитов К., Даутов К., Жигитов С., Жумаев М., Искендерова С., Ибраимов О., Карымшаков С., Култаева Ү., Лайлиева И., Мурзахмедова Г., Өмүрзакова Н., Садыков А., Үкүбаева Л., Эдилбаев К., Эркебаев А. сыяктуу кыргыз адабиятчы-сынчыларынын эмгектеринде айтылган жалпы кыргыз адабияты жана Э.Турсуновдун чыгармачылыгы жөнүндөгү омоктуу ой-жүгүртүүлөр, талдоолор жана бүтүмдөр диссертациялык иштин жазылышына белгилүү өлчөмдө теориялык-методологиялык таяныч-негиз болуп берди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Э.Турсуновдун чыгармачылыгына кызыкдар адабий-маданий чөйрө (адабиятчы-сынчылар, акын-жазуучулар, аспиранттар, мугалимдер, студенттер ж.б.) үчүн диссертациялык иш ага карата түшүнүк менен көз караштын кеңейишине көмөк болот. Ошондой эле анын чыгармачылык өзгөчөлүгүн кыйла кенен кабылдоого жардам берип, окуу жайларында аны тереңдетип өтүүгө, атайын курстар менен семинарларга сунуштоого болот

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Э.Турсунов - адабий чыгармачылык жактан даярдыгы жетик, табигый талантты профессионализм менен айкалыштыра билген

өрнөктүү акын, котормочу, жазуучу.

2. Э.Турсунов - кыргыз поэзиясында өзүнүн орду бар, оригиналдуу таланттуу акын.

3. Э.Турсунов - сонет формасын кыргыз поэзиясында салтка айландырууда, орун-очок алышына зор салым кошкон талант.

4. Э.Турсунов - кыргыз көркөм котормо өнөрүнүн бийик профессионалдык деңгээлге көтөрүлүшүнө салымы зор калемгер.

5. Э.Турсунов - поэзияда гана эмес, прозада да чыгармачылыкты жогорку критерийден караган мыкты сүрөткер.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иште каралган маселелерди, коюлган максат-милдеттерди чечмелөөдөгү эмгектерди системалаштыруу иштери жана иликтөө иштерин бүгүнкү күндүн көзкарашы менен кароо изилдөөчүнүн жеке салымы болду.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Диссертациялык иштин негизги материалдары жана жоболору К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттеринде ж.б. өткөрүлгөн илимий конференцияларда баяндалган жана ушул эле жогорку окуу жайларынын кыргыз адабияты кафедраларында талкуудан өткөрүлгөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациянын материалдары боюнча 12 илимий макала Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Жарчысына", "Кыргыз тили жана адабияты", "Вестник Иссык-Кульского университета" басылмаларында жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, негизги эки главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## Иштин негизги мазмуну

**Киришүүдө** Э.Турсуновдун чыгармачылыгынын изилдениш абалы, теманын актуалдуулугун негиздөө, анын изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, теориялык жана практикалык мааниси кепке алынат.

**"XX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз адабияты жана Э.Турсуновдун поэтикалык чыгармачылыгы"** деп аталган I главада Э.Турсуновдун акын катары калыптанышы, чыгармачылыгынын алгачкы этабы кеңири талдоого алынган.

**Главанын биринчи параграфы "Э.Турсуновдун чыгармачылыгы кыргыз адабий сынында"** деп аталат да, анда иш жүзүндө теманын изилдениш абалы баяндалат.

Э.Турсуновдун чыгармачылыгына окумуштуу, сынчылардын

кызыгуусу жана изилдөө иштери 50-60-жылдарда эмес, кийинчерээк, тактап айтканда 80-жылдары башталган. Ал эми 50-жылдары гезит-журналдарда саналуу гана макалалар жарык көргөн экен. Мисалы: Э.Турсуновдун 1955-жылы жарык көргөн “Гүл” аттуу ыр китебине С.Егиналиевдин “Балдарга арналган бир жыйнак” аттуу сын макаласы [Мугалимдер газетасы. −1956. -19-июль] жарыяланган. Ал эми кийинчерээк сынчылар К.Эдилбаев, К.Ботояров, К.Байжигитов жана А.Эркебаев акын ырларында аялзатына болгон сугу эротизмге айланган деген сын-дооматтарды коюшуп, бирок анын таланттуулугун, чебердигин белгилебей кое алышкан эмес.

“Евгений Онегин” романынын үчүнчү котормосу Эрнис Турсуновго таандык. К.Артыкбаевдин, Д.Кулбатыровдун макалаларында бул котормонун кемчиликтери жөнүндө айтылса, К.Джидееванын “Поэтический перевод и историко-литературный процесс” (Фрунзе, 1980), “Лирика Пушкина в киргизских переводах” (Фрунзе, 1972); О.Ибраимовдун “Адабий классиканын азыркы өмүрү” (Фрунзе, 1982), “Көз караш” (Фрунзе, 1984) деген эмгектеринде алар алда канча кеңири талдоого алынган. Т.Болчуров, К.Артыкбаев, К.Асаналиев, К.Абдыкеримовдор да анын котормо чыгармаларын кеңири талдоого алышкан. Карагулова менен Жороева “Постижение Онегинской строфы” деген илимий макаласында “Евгений Онегиндин” котормосуна жогору баа беришкен.

Белгилүү сынчы К.Асаналиев өмүрүнүн акыркы жылдарында Э.Турсуновдун чыгармачылыгы тууралуу терең жана кеңири ой калчаган бир топ макалаларды жазса, Э.Турсуновдун романдарын талдоого алган эмгектерге А.Акматалиевдин “Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар” (1999), К.Байжигитовдун “Мезгил жана адабий-көркөм кыймыл” (2011), М.Жумаевдин “Жаңы мезгил жана адабият” (2012) сыяктуу изилдөөлөрүн кошууга болот. Ү.Култаева, Г.Мурзахметованын тарыхый роман боюнча диссертациялык эмгектеринде да Э.Турсуновдун романдары тууралуу азын оолак сөз болот.

Адабиятчы Н.Өмүрзакованын “Кыргыз поэзиясында сонет формасынын калыптанышы жана өнүгүшү” аттуу диссертациялык эмгегинде (Бишкек, 2001) жана “Сонет формасындагы салттуулук менен жаңычылдык диалектикасы” (Бишкек, 2001) аттуу монографиясында акындын сонет формасында жазылган ырларына кеңири анализ жүргүзүлөт. Р.Керимбекованын “Шекспирдин сонеттери кыргыз тилинде” (1997) деген макаласында да анын

сонеттери жөнүндө кыскача сын пикир айтылат.

"Кыргыз совет адабиятынын тарыхында" (Фрунзе, 1987, 1-том) Э.Турсуновдун чыгармачылыгы жөнүндө эч нерсе жазылбайт, бир гана "Кыргыз көркөм котормосу" бөлүмүндө (түзгөн О. Ибраимов) 727-бетинде "Евгений Онегиндин" котормосу жөнүндө жалпыланган пикирлер айтылат. К.Артыкбаевдин "XX кылымдагы кыргыз совет адабиятынын тарыхы" (Бишкек, 2004) окуу китебинде да Э.Турсунов боюнча эч кандай маалымат жок. Бир гана "Кыргыз адабиятынын тарыхында" [20-кылымдын адабияты. 60-жылдардан кийин. -Бишкек, 2012. 7-том. -440-461-б.] академик А.Акматалиев, фил.илим.канд. Н.Өмүрзакова менен бирдикте Э.Турсуновдун чакан чыгармачылык портретин биринчилерден болуп жазышкан. Анда калемгердин сонеттерине жана прозаларынан тарыхый-биографиялык романдарына басым жасалган.

Дээрлик 50 жылдан ашуун чыгармачылык түйшүгүндө жүргөн бараандуу жазуучу, акын, котормочу, публицист Э.Турсуновдун чыгармачылык өнөрканасына арналган атайын иликтөөлөр, сын-пикирлер мына ушулар менен чектелет. Көрүнүп тургандай алар аз жана көбү жалпы адабий процесстин тутумунда айтылган ой-пикирлер болуп эсептелет. Ал эми чыгармачылыгы менен мурда эле К.Асаналиев белгилегендей олуттуу сүрөткерлердин катарынан орун алып, эгемендүүлүк жылдарында өзгөчө жигер менен иштеген Э.Турсуновдун көркөм-адабий туундулары кеңири жана ар тараптуу иликтөөгө муктаж экендиги атайын далилдөөнү талап кылбайт.

**Экинчи параграф "Эрнис Турсуновдун поэзиясынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү"** деп аталат.

Э.Турсуновдун поэтикалык чыгармалары айрым авторлордукундай көп болбогону менен тематикалык көп түрдүүлүгү, жанрдык-стилдик байлыгы менен айырмаланат. Акын башынан эле "аз болсо да саз" жазууга, эптеп уйкашса эле аны "ыр" аталышында окурманга тартуу кыла коюудан качып, көркөм-эстетикалык бийиктиктерге жетүүгө умтулганы ачык байкалат. Э.Турсуновдун кайсы гана ырына көз салбайлы, поэтикалык ойлору терең, көркөм салыштырууга бай, уйкаштары табигый, так, уккулуктуу, жагымдуу. Э.Турсунов адабиятка жаштайынан аралашып, мектепте окуп жүргөндө эле ырлар, аңгемелер жаза баштап, студент кезинде, 1955-жылы алгачкы жыйнагын чыгарууга жетишкен. Аны балдарга арнап «Гүл» деп атады. "Гүл" жыйнагы тематикалык жактан кеңдикке, сюжет түзүү жагынан чеберчиликке аракет кылган жаш автордун поэтикалык чабытына чыйыр салган эле.

Э.Турсунов – кыргыз поэзиясында өзүнүн орду бар,

оригиналдуу акын. Ал – кээ бирөөлөрдөй отуз-кырк ырлар жыйнагынын автору эмес, бар болгону алтымыш жыл ичинде “Гүл” (1955), “Айкүмүш” (1959), “Жигиттик” (1970), “Бийиктик” (1973), “Чексиздик” (1983), “Алтын муза” (1995), “Автопортрет” (2004) деген жети ырлар жыйнагын жарыялаган. Э.Турсуновдун лирикаларындагы негизги бир касиет - ал терең мазмунга жана жаңы формага өзгөчө маани берип, улам жаңы жыйнагын изденип жараткандыгында. Кээ бир ырлары поэзияда түбөлүктүү ырдалган, ырдала берчү темалардан болсо да алардын табиятын жеткире түшүнгөн акын турмуштагы кандай гана көрүнүштү албасын, өзүнчө ой жүгүртүп, өзүнчө толгонууга умтулат. “Автопортрет” жыйнагы - өзүнүн бүтүндөй туруш-турпаты менен дүйнөнүн, жашоонун, улуу турмуштун сулуулугун даңазалаган, дүйнөнүн нукура кереметин сөз менен сүрөткө түшүргөн, болгондо да сулуулук нурунан жаралгандай тунук лирикадан турган китеп. Бул ыр жыйнактарынын мыкты болушу андагы ырлардын мазмуну терең, ой-сезимдерге бай жана көп түрдүү болуп, ал маанай улам өрчүп, улам чыңалып отурушунда. Аз жазса да саз жазган акындын касиети мына ушунда.

Билесиңби, мен эмне үчүн ыр жазам?
Бир мүнөттө аалам менен сырдашам.
Таасири жок ырдын кандай сыйкы бар,
Табийгатты колго кармап турбасам?

Э.Турсунов өз чыгармачылык жолун акын катары баштап, бул жанрда байкаларлык из калтырууга жетишти. Анын поэзиясы логикасынын тактыгы, ойдун тереңдиги, философиялык жалпылоосу, ар башкача ракурста көркөм каражаттарды кылдат колдонуусу менен айырмаланат. Ал - чебер лирик. Анын лирикасына терең ой, күчтүү сезим, образдуулук, сүрөткерлик, чын дилден, арзуу, эргүү, лаззаттуу махабат, нукура ой-толгоолор таандык.

Айдың көлгө таштап кеткем аккууну,
Аңдып бирөө түнөгүнөн таптыбы?
Актан аппак насилине көз артып,
Алкы бузук ташбоор аңчы аттыбы?

Акын өз лирикасында адамдын жандүйнөсүнүн тазалыгын, сулуулугун, улуулугун, кенендигин, тереңдигин, учкул кыялын, баа жеткис башкаасыл сапаттарын, анын өмүргө, өлүмгө, дүйнөгө, заманга, коомго болгон карым-катнашын айкын чагылдырат.

Булкуп, силкип, камчылаба атыңды,
Буудан болсо чыгып келет жарышта.
Өчөштүрбө, кайраштырба акынды,

Өртү болсо өзү кирет намыска.

Туягынан учуруп кум, ташты да,
Тулпар сызат ай-күнчөлүк алыска.
Акын кетет элүү, жүз жыл астыга,
Ал жарышка келечек күн калыс да!

Сан жагынан анчалык көп эмес анын поэтикалык чыгармалары тематикалык көп түрдүүлүгү менен гана эмес, жанрдык-стилдик байлыгы, дүйнөнү кабылдоонун оригиналдуулугу, поэтикалык ойлоонун тереңдиги жана кеңдиги менен өзгөчөлөнүп, аны ошол кездеги Т.Кожомбердиев, Ж.Мамытов, О.Султанов сындуу поэзиянын жалындаган жаш өкүлдөрү менен бир катарга койду. Анын кайсы гана ырына көз салбайлы, поэтикалык ойлору терең, түшүнүк диапазону кенен, көркөм салыштырууга бай, уйкаштары табигый уккулуктуу, жагымдуу. Сөз жөнөкөй эле бир нерсе жөнүндө болобу, же бир чоң кубулуш жөнүндө болобу, ал көрүнүштүн тышкы абалы менен бирге дароо ички дүйнөсүн ачып кирет, предметке жан киргизчү сөзгө өтө чоң маани берет. Ал адам менен адамдын, адам менен коомдун, адам менен жаратылыштын карым-катышын жекече өз түшүнүгү менен, өз стили менен, өз үнү менен ача билип, түбөлүктүү тема деген турмуштук көрүнүштөрдүн ички табиятын көрө билип, башкаларга окшобогон ракурста карап, кооз боекторго сугара алат.

Күндүр-түндүр жанын сабап камчыдай,
Күлдүр-шалдыр ат агызган капчыгай
Күрөш кечкен алп өмүрдү агызып,
Күндөр агат кумга сиңген тамчыдай

Капчыгайда шаркыратма шаркырап,
Кара ташка катуу тийип жанчылат.
Биз да суудай күркүрөйбүз, кулайбыз,
Билбейм, өмүр агат, ташыйт канча убак?

Э.Турсунов - кыргыз поэзиясында өзүнүн орду бар, оригиналдуу, таланттуу акын. Көркөмдүүлүк, образдуулук жана философиялык тереңдик жуурулуша келип, анын поэзиясын улуттук поэтикалык чыгармачылыктын өчпөй турган бир барагына жазып калтырды. Акындын ой чабытынын кенендиги, тилинин байлыгы, жугумдуулугу жана туюму менен мүнөздөөлөрүнүн реалдуулугу, образдуулук менен лирикалуулук мындай бүтүм чыгарууга толук негиз берет.

**Үчүнчү параграф "Э.Турсуновдун сонет жанрындагы изденүүлөрү"** деп аталат.

Салттуу поэтикалык жанрлардан айырмаланып кыргыз поэзиясы үчүн сонет жаңы жанр болгону менен дүйнөлүк поэзияда анын бай жана өрнөктүү үлгүлөрү эбактан бери өнүгүп келгени белгилүү. Ага Данте, Петрарка, Ронсар, Лопе де Вега, Мильтон, Гете, Мицкевич, Рильке, Дельвиг, Пушкин, Фет, Бальмонт, Бунин, Брюсов, Волошин, К.Кирсанов, Л.Мартынов, И.Бродский сыяктуу атактуу акындар кайрылышып, айрымдары (М.: Шекспир) так ушул жанрда гана өзүнүн чыныгы поэтикалык дараметин айкындап, поэзия тарыхында калышкан.

Философиялык лирикага көбүрөөк ыктап турган бул жанр кыргыз поэзиясына өткөн кылымдын 60-70-жылдарында мына ушул Э.Турсунов сыяктуу акындардын аракети, изденүүлөрү аркылуу келип кирди да, акырындап анын улуттук формасынын бири болуп калды. Башка акындардын сонеттери адабий сыныбызда дээрлик сөз кылынбаса да, Э.Турсуновдун сонеттик лирикалары сындын көңүлүн өзүнө бурду. Э.Турсунов сонет формасын кыргыз поэзиясында салтка айландырып, орун-очок алышына көп күч жумшаган. Акындын “Автопортрет” китебинин үчтөн бир бөлүгүн сонет формасында жазылган ырлар түзгөндүгү да кокустук эмес.

Акындын “Бийиктик” (1973) китебинде 46 сонет, “Чексиз сүйүүдө” (1983) 99 сонет орун алган. “Бийиктик” жыйнагындагы сонеттерге келсек, анда акын өмүр, өлүм, сүйүү, тагдыр, табият темаларына кайрылат.

Гүл сабагын кармап туруп ойлоном,
Гүлгө неге жүз жыл берип койбогон?
Асылдарды азуусуна кыстарып,
Арбын жашайт сойлогон да, жойлогон.
Ажал бизди ылгап алса мейли эле,
Антпеген соң, аалам батсын пейлиңе.

Жалпы эле кыргыз поэзиясы жөнүндө бүгүнкү түшүнүктөрдөн, бүгүнкү позициядан туруп, азыркы кыргыз лирикасынын абалы жана табияты кандай деген суроого жооп издесек, анда акын Э.Турсуновдун поэзиясын Адам турмушунун түбөлүктүү темаларын чагылткан, ага карата терең ой жүгүрткөн түбөлүктүү поэзиянын мыкты үлгүсү катары негиздөө орундуу болуп чыгат.

Чычкан мурду өтө албаган токойдон,
Чыга калды он эки айры ак бугу.
Ок аталбай калтылдадык ошондо,
Окшой түшүп – жакшы көргөн жаш сулуу.

Артка силкип он эки айры мүйүзүн,
Ала качты жалжал көзүн, сүйүүсүн.
Көрбөптүрмүн сулуулукту мен мурун,
Көз алдыман тарых өттү бир үзүм.

Курбум, макул аөо кылба бугуга,
Куралыңды сунат белең сулууга?

Акындын сонеттери алар дүйнө элдеринин поэзиясында кылымдар бою жаңырып, уланып келе жаткан түбөлүктүү темалар боюнча жазылганы мененал ошол эле теманы башкача жаңыртып, башка түр-түстөн берүүгө умтулат. Э.Турсунов бул жанрга өздүк почеркин калтырууга, башкаларды, көбүнчө чет элдик даңктуу сонетчилерди кайталабоого умтулганы менен жанрдын канондорунан чыгып кетпейт. Ал өз чыгармачылык практикасында сонеттин айрым канондорун тануу менен аны кайра бекемдегендей таасир калтырат. Кандай болгон күндө да, бул жанрда ал өзүн сезимтал, чебер, ойчул акын катары көрсөтө алгандыгын жокко чыгарууга болбойт. Себеби анда өзүнө гана таандык стиль, эмоция, тил, ыргак, манера бар.

Ошол эле учурда анын сонеттеринде улуттук бөтөнчөлүк, улуттук маани-мазмун ачык көрүнүп турат да, аларды башка элдин авторлорунун, ал түгүл башка кыргыз акындарынын ушул жанрдагы чыгармалары менен окшоштуруу, чаташтыруу мүмкүн эмес болуп чыгат.

**Төртүнчү параграф“ Э.Турсунов - поэтикалык котормонун чебери”** деп аталат.

Эрнис Турсунов котормого бала кезинен дит койгон. Анын алгачкы бул багытта ишмердиги орус акыны С. Михалковдун “Дядя Степа” деген поэмасынын айрым бөлүктөрүн которуудан башталат. Бул котормо 1948-жылы “Ленинчил жаштын” № 11 - санына басылып чыккан. Кийин Э.Турсунов котормо жанрына шымалана киришип, кыргызча ажары ачылган далай чыгармаларды тартуу кылды. Ал дүйнөлүк поэзиянын классиктери Данте, Петрарка, Катулл, Шекспир, Киплинг, Блейк, Байрон, Гете, Гейне, Шиллер, Мицкевич, Петефи, Рудаки, Лермонтов, Есенин жана башкалардын лирикалык ырларын которуп, “Бал китеп” деген ырлар антологиясын окурмандарга тартуулады. А.С.Пушкиндин “Евгений Онегин” романын, Н.А.Некрасовдун “Русь жергесинде ким жыргайт?” дастанын, мусулмандардын ыйык китеби “Куранды”, христиандардын “Библиясын” кыргызчалады. К.Баялинов менен А.Осмоновдон кийинки, “Евгений Онегин” романынын үчүнчү котормосу Э.Турсуновго таандык. Ал көптөгөн

сын-пикирлерди эске алып “Евгений Онегинди” үстүндө талбай эмгектенип, 12 жылдын ичинде үч жолу которуп чыкты. Ал ага бардык күчүн, талантын, убактысын жумшап, кемчиликтерди угуп арданбай, эркин таштап салбай, кайра колго алып, өжөрлөнүп иштеп, натыйжада мыкты котормо жаратты. Форма жагынан алганда, “Евгений Онегин”- маселелерди жана образдарды жогорку деңгээлде чечмелеген өтө көркөм, өтө терең чыгарма. Ал айтылуу “онегиндик строфа” менен он төрт саптуу, төрт стопалуу ямб өлчөмүндө, уйкаштары: абаб, ааббб, абба, вв тартибинде жазылган. Бул өлчөмдү Пушкин романдын башынан баштап аягына чейин бардык строфада бирдей сактаган. Андыктан, котормочунун акындын алдында “онегиндик строфага” кылдат мамиле кылуу менен анын өзгөчөлүгүн карегиндей сактоо милдети турган. Котормо Э.Турсуновдун талантынын кудурети, талбаган эмгегинин натыйжасы менен кыргыз окурмандарына жетти. Акындын котормодогу чеберчилиги Онегиндик строфанын татаал формасын жеткиликтүү кылып, жөнөкөйлөштүрүп бергенинде да турат.

Э.Турсуновдун дагы бир котормосу, өлбөс-өчпөс дагы бир поэзия үлгүсү Н.Некрасовдун “Россияда ким жыргайт?” дастаны десек болот. Дастандын Э.Турсунов жасаган котормосу жөнүндө бир катар сын-доомattar, пикирлер айтылды, а бирок кыскартылып басылган бул таржыма негизинен оң баага арзыды. Некрасовдун поэзиясын которуу да кыйла кыйынчылыктарды туудурган. Анткени, анын дыйкандарга, миллиондогон мужуктарга арналган ырлары, жалпы эле Родина поэзиясы орустардын каада-салттарына терең сугарылган.

Оригинал менен салыштырып окуганда, котормонун мыкты экендигин арбын мисалдар менен айгинелөөгө болот. Поэмадагы топонимдер таамай, элестүү берилген. Маселен: Подтянутая губерния - Ач губерния, Уезд Терпигорева - Азап көтөр уезди, Заплатов – Кырк жамак, Дырявина - Чалдывар, Разутова - Коңултак, Горелова-Конушкүйгөн, Неурожайка - Ташжалак болуп которулган. Эң элестүү сөздөр. Кыргыз тилинин байлыгынан орус тилиндеги сөздөргө мааниси төп келген эквивалент табуу эне тилин мыкты билген сөз чеберинин гана колунан келмек. Жер аттарынын которулушунун өзү эле кыргыз окурмандарынын көз алдына ач, кыйналып, жамаачыланган орус элинин турмушун тартууга көмөк болот.

Акын Н.А.Некрасовдун эпикалык дастанын которууда анын мезгилин терең туюнуш үчүн Кольцовдун, Тютчевдин, Феттин, Майковдун, Грековдун, Суриковдун айрым ырларын которуп да көрдү. Чындыгында эле поэманы кыргызчалоодо котормочу элдик

эпостордун, айтылуу дастандардын эстетикасына кайрылып, ошону менен бирге орус акынынын чыгармадагы реалисттик концепциясын өзүндөй сактоого көп эмгек кылып, натыйжада жалпы жонунан түп нускага үндөш, көркөмдүк деңгээлин тең чамал даражага жеткире алган.

Жыйынтыктап айтканда, Э.Турсунов - кыргыз көркөм котормосунда бараандуу орду бар, чебер котормочу. Улуттук көркөм сөз өнөрүнүн бийик профессионалдуу адабий-поэтикалык деңгээлге көтөрүлүшүндө акындын өздүк оригиналдуу чыгармаларындай эле анын котормолорунун мааниси жогору экендигин баса белгилөөгө болот. Э.Турсунов котормого кылар иши жоктон келбегендиги, котормо ал үчүн бир чети адабий чеберчиликтин, устаттардан көркөм-эстетикалык таалим алуунун мектеби болсо, экинчиден турмуштук зарылдык, ар бир башка элдерди бири-биринин көркөм дөөлөттөр менен тааныштырып, жакындаштыруунун эч нерсе алмаштырылгыс каражаты иретинде кабылдаганы анык. Э.Турсунов котормого өтө чоң жоопкерчилик менен мамиле жасап, ага мыкты даярдык менен келип, тынымсыз изденүү түйшүгүндө болгондугу талашсыз.

**“Э.Турсуновдун прозалык чыгармалары”** деп аталган II главанын биринчи параграфы “**Э.Турсунов жана кыргыз тарыхы”** деп аталат.

Э.Турсунов поэзияда гана эмес, прозада да устат, окурманын терең сыйлаган абийирдүү калемгер, чыгармачылыкты жогорку критерийден караган, жоопкердикти сергек түшүнгөн сүрөткер экенин “Балбай”, “Боронбай”, “Ата журт” романдары, ”Ажал айтып келбейт”, “Бадахшан” повесттери айдан ачык далилдеп турат. Жазуучунун “Ата Журт” (1989-ж.), “Балбай” (2002-ж.), “Боронбай” (2004-ж.) романдары кыргыз элинин тагдырындагы эң маанилүү мезгилди - бир жагынан Цин империясы, андан кийин Кокон хандыгынын үстөмдүгү, экинчи жагынан орус падышачылыгынын тымызын жүргүзгөн басып алуучулук саясаты, ошондой эле такай жүрүп келген уруучулук кагылыш уланып, уруу-урууга бөлүнүү ого бетер күч алып турган мезгилди камтыйт. Бул кыргыз элинин жер үстүндө жашап калуу, теңдик алуу, азаттык үчүн күрөшүү жолундагы эң кайгылуу, опурталдуу, бүлгүндүү, трагедиялуу мезгил эле. Э.Турсунов аталган романдарды жазуу үчүн көптөгөн даярдык иштерин жүргүзүп, элдин ошол кездеги жашоо-тирлигин, салт-санаасын таанып-билет, тарыхый инсандардын өмүр баянын, тагдырын иликтейт жана албетте, архивдик документтерге таянат. Бул пикирлердин бардыгы Э.Турсуновдун романдары өзгөчө сөз кылып, кеңири талдоого

татыктуу экендигин, алар жөнсалды же чалажан чыгармалар эмес экенин айгинелейт.

**Главанын экинчи параграфы "Ата Журт" романынын сюжети, маани-маңызы, образдар системасы"** деп аталат.

Романдын негизги темасы - өз тагдыры, келечеги, жаңы заман үчүн болгон кыргыз элинин күрөшү. Романда кыргыз элинин тагдырындагы эң оор учур - 1916-жылдын алды жана Үркүндүн өзүнө тикеден-тике байланыштуу маселе кайрадан козголот. Чыгарманы тарыхый роман даражасына көтөрүп турган нерсе жалпы эл башынан өткөргөн ошол трагедияны автор конкреттүү адамдардын аракеттери менен белгилүү кырдаалдагы типтүү мүнөздөр аркылуу көркөм жалпылап, реалдуу чындыкты жогорку идеялык-көркөмдүктө бере алгандыгына байланышат.

"Ата журт" романын тарыхый-социалдык чыгарма десек болот. Мында доордун кырдаал шарттын мүнөзү өзгөчөлүктөрү, өнүгүш багыттары, каармандар жана алардын күрөшү, кыймыл-аракети, тагдырлары, кулк-мүнөздөрү баяндалып, төңкөрүш алдындагы кыргыз элинин оор ахвалы, анын чындыгы, трагедиясы автордун өзүнө гана мүнөздүү стиль, жатык тил, көркөм образдар аркылуу ачык көрсөтүлгөн. Автор өткөөл учурдагы тарыхый шартты, элдин социалдык теңсиздигин терең иликтеп, турмуштук фактыларды деталдаштырып, философиялык ой толгоолор аркылуу жалпыланган көркөм романды жараткан.

Чыгармадагы бардык коомдук маселелер конкреттүү образдар аркылуу күн тартибине коюлуп, алардын бири-бирин кайталабаган, бири бирине окшобогон тагдырлары аркылуу ачылып берилет. Романдын алгачкы барактарынан эле биз аңыз кепке айланган Бурулча менен кездешебиз. Э.Турсунов Бурулча жөнүндө кыйла жылдар бою материал жыйнап, көл өрөөнүндөгү карылардан угуп, тактап, таржымалын чогулткан. Ысык-Көлдөгү мен-мен деген болуш-бийлер менен тең тайлашып ашка, тойго, курултай, жыйындарга катышып, эркектер менен бирге теңдик талашып, элдик төңкөрүштөргө катышкан Бурулча өз аялдык бактысы үчүн далбас уруп, бирок коомдук жана башка себептерден улам ага жетпей калган аялзаты болсо, Кыдыр аке менен Жусуптун образдарында коомдук башталыш, башкача айтканда өз тагдыры үчүн эмес эл тагдыры, анын иши үчүн күрөш башкы орунда турат.

"Ата Журт" романынын экинчи бөлүгүндө аты аталган каармандар менен бирге жаңы коомдук шарт, жалпы каармандар көз алдыга тартылат. Автор жазып жаткан тагдырларды, тарых

барактарын жакшы билгендиктен, Кыргыз өкмөтүнүн биринчи төрагасы Жусуп Абдракмановдун өмүр башатындагы урунттуу учурларды, орчундуу окуяларды ишенимдүү сүрөттөп берет. Романдын бул бөлүгүн Жусуп жөнүндө жазылган биринчи көркөм чыгарма десек да болот. Анын тагдыры, өмүрү, алгачкы кадамы, турмушта баскан татаал жолу окурманга кызыкчылык туудурбай койбойт. Жусуп Абдракмановдун бала кезинен баштап көрүнүктүү ишмер болгонго чейинки жашоо-турмушу, инсан жана адам катары калыптаныш тагдыры реалдуу чагылдырылат.

Жыйынтыгында автор романда сүрөттөгөн турмушту жакшы билери, кандай чекитке жетип токтоорун да жакшы сезериайкын көрүнүп, бул өнүккөн чен-өлчөмдүн, чебердиктин бар экенин күбөлөп турат. Мына ошондуктан жазуучу сюжеттин чыйралышын да, чыңалышын да өз жайына коет, мындайча айтканда, окуяга “автордук кысым жасабайт”. Ошону менен бирге роман сыдыргыга салгандай сыйда, бир калыпта, тегиз да эмес. Бирде ал образдарга жыш, көп түстүү, көп боектуу, көп сырдуу көрүнсө, бирде суйдаң маалымаатуу-даректүү баяндамага жакындап кетет. Кээде ал көбүнесе реалисттик сюжеттин нугунда, накта психологиялык талдоого жетишсе, кээде жеңил-желпи куру чечендикке берилип кеткендей сезилет. Айрым сюжеттик тогошууларда жазуучу оригиналдуу оюн, концепциясын кадыресе салмактуу жүзөгө ашырса, ошолэлеучурда жедеп көндүм болгон калыптардан, схемалуу жол-жоболордон чыгалбай, тушалып тургандай көрүнөт. Бирок кандай болсо да роман башталышы, аякталышы бар, логикалык жактан ыраттуу жана образдар системасы бүкүлү, өзүнчө бүтүн организмдей чыгарма катары күчтүү таасир калтыраарын танууга болбойт

**Үчүнчү параграф “Балбай” романы: изденүү түйшүгү жана акыбети”** деп аталат.

Балбай - бугу уруусунан чыккан тарыхый адам. “Балбай” романында жазуучу элибиздин басып өткөн тарыхына өздүк көз карашын жайгаштырган. Э.Турсунов бул романды жазуудан мурда узак жана түйшүктүү чыгармачылык изденүүдө болуп, урунттуу учурларды тактап, көп жылдар бою материал чогултуп, санжырачы, тарыхчылар менен жолугуп, андан кийин 1992-жылы “Балбай жана анын доору” аттуу даректүү-тарыхый эмгек жаратты да, 2002-жылы, он жылдан кийин “Балбай” романы жарык көрдү. Мында да жазуучу ар бир чыгармасына кандай жоопкерчилик

менен мамиле жасаса, роман ошондой эле дыкаттык менен иштелип, көп жагынан анын акыбети кайткандыгы ачык көрүндү.

Э.Турсуновго чейин эле Балбай баатыр тууралуу тигил же бул деңгээлде маалымат камтылган Алдаш Молдонун, Талып Молдонун, Тоголок Молдонун, Белек Солтоноевдин эмгектери, К.Маликовдун "Балбай" поэмасы (1991), Э.Медербековдун "Кызыл жалын" (1987), К.Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы" (1993) романдары бар болучу. Ушул кылымдын башында жарык көргөн Ж.Токтоналиевдин "Хан Ормон" (2000-ж.) романында да Балбайдын образы камтылган. Э.Турсуновдун "Балбай" романы тарыхый окуялар жана тарыхый конкреттүү адамдар жөнүндө. Романдын мазмуну терең, көркөмдүк жагы да күчтүү. Каармандардын мүнөзүн, кыял-жоругун, кулк-мүнөзүн, ой жүгүртүүсүн, тарыхый окуяга карата көз карашын берүүдө автор ынанымдуу ыкмаларды, формаларды колдонгон. Балбай башка кааармандардан жеке эле баатырдыгы менен эмес, адилеттиги, калыс жана терең ой жүгүртө билгендиги, акты-караны тааный билген тунук акылы менен да айырмаланган борбордук каарман иретинде сыпатталат. Башка каармандар да турмуштук реалдуулугу жана тарыхый коомдук-саясий, маданий кырдаалга жуурулуштура сүрөттөлгөндүгү менен өзгөчөлөнүп турат.

Ошентип, көп жылдык эмгектин, изилдөөлөрдүн үзүрү болгон бул романда көчмөн кыргыздардын тарыхы, маданияты, философиясы, каада-салтына чейин кеңири камтылган. Албетте, Балбайдын кулк-мүнөзүндөгү, иш-аракеттериндеги кем-карч учурларды көрсөтүп коюш керек эле, автор аны бир жеринде тагы жок кылып өтө мактап жибергени болбосо, негизинен роман ийгиликтүү чыккан. Чыгарманы окуп жатканда ошол кылымдагы адамдарынын арасында жүргөндөй таасир калат. Каармандардын кебете-кешпирлери, кулк-мүнөздөрү, сүйлөгөн сөздөрү, кийген кийимдери, жеген тамактарына дейре ошол мезгилдин деми, жыты уруп турат. Бул дагы жазуучунун жетишкен жери. Автор ар бир сөзүн, асыл таштарды бир-бирине кынаптагандай коогдоп, өтө чеберчилик менен жазат. Тили өтө бай, жугумдуу, элестүү бул чыгармада каармандар сүйлөө манерасына чейин турмуштагыдай чындыкка жакын берилген.

**Төртүнчү параграф "Боронбай" романы** деп аталат.

Бугу элинин башында туруп, уруу башчыларынын уруш талаштарына, чатак-чабыштарына ууккан карапайым калктын муңзарын угуп, көйгөйүн көрүп, угуп-көрүп тим болбостон,

кырчылдашып, кыл чайнашкан учурларда ой экчеп, акыл калчап, ийненин көзүндой жылчыктан жол таап, өз ара биригүүгө, ынтымакташууга, кечиримдүү болууга чакырып, ансыз деле жери чак, саны аз кыргыз эли кызыл кыргынга тушукпай, чоң мамлекеттердин чордонунда "көк бөрү" кылдырбай, өз алдынча күнкорсуз турмушту самаган чыгаан инсан Боронбай жөнүндө буга чейинки үзүл-кесил илимий, публицистикалык макалаларды, көркөм чыгармаларды эске албаганда, атайы жазылган алгачкы алгылыктуу чыгарма Э.Турсуновдун романы болуп эсептелет. Ошентсе да айрым адабиятчылардын, тарыхчылардынрдын сын-дооматтары, ой-пикирлери орундуу экенин автор да, окурмандар да моюнга алат болуш керек. Романга коюлган дооматтардын ирдүүсү образдар үстүрт берилип, тарыхый кырдаал терең ачылбай калгандыгына барып такалып, натыйжада, ал мурунку романдардын деңгелине жетпей калган деген бүтүм келип чыгат. Биздин оюбузча, "Ата Журт", "Балбай" романдарындай эле "Боронбай" романы да негизинен жакшы баага татыктуу чыгармалардын бири. Себеби, анда биринчи жолу Боронбайдын образы кыйла терең ачылып, тарыхый фактылар менен жуурулуштуруп жазылып отурат. Албетте, ал "Ата Журт", "Балбай" романдарына караганда саал жупунураак сыяктанат, себеби аталган чыгармалар образдарга жыш, көп түстүү, көп боектуу, окуялуу, динамикалуу, курч сюжеттүү болсо, ал эми "Боронбайда" сөз бир эле адамдын тегерегинде жүрөт. Анын жайбаракат жашоосун, жер айдоо, багбанчылык менен алектенгенин жана кайсы жайлоодо, кайсы кыштоодо турганы жөнүндө кеңирисөз болот. Чыгармада автордук кайталоолор көп, Боронбайдын айкөлдүгүн, калыстыгын, берешендигин, боорукер экендигин, жети атасыначейин мыкты тукум экенин жазуучу баса белгилеп узун санжыра кылып даңктайт. Супсак, суйдаң маалыматтуу-даректүү баяндоого айланып кеткен жерлери бар. Башка чыгармаларда Боронбайдын образы башкача идеялык, саясий өңүттөн сүрөттөлгөн. Маселен, Э.Медербековдун "Кызыл жалынында" ал амалкөй, куу, бийлик-мансапка кызыккан адам" катары берилсе, ал эми К.Маликовдун "Балбай" поэмасында такыр эле терс образ катары сыпатталган.

Ошентип, бул роман жазуучунун башка романдарынан бир аз солгун, "заказга" жазылган деген сын-дооматтар менен бирге эле жакшы чыгарма деп оң баа берген да окумуштуулар, коомдук ишмерлер да болду. Бирок заказга жазылган учурда деле ал жазуучунун таза абийири жана тынымсыз түйшүгү менен жаралган

чыгарма болуп эсептелет.

Жыйынтыгында, образдардын ийине жеткире иштелбегендиги, чыгарманын өзөктүү идеясы үчүн окуялардын, адам мүнөздөрүнүн кылдат иргелбегендиги, конфликтилердин бошоңдугу, кайталоолордун арбындыгы өңдүү мүчүлүштүктөр анын шашылыш жазылып, кайра-кайра автордук редакциядан өткөрүлбөгөндүгү менен шартталат өңдөнөт. “Боронбай” романында 19-кылымдагы ири инсандардын бири - кыргыз элинин көрүнүктүү коомдук ишмери Боронбай Меңмурат уулу жөнүндө Э.Турсунов биринчилерден болуп терең изилдеп, тактап, болгонун болгондой кылып жаза алды. Романдын мааниси мына ушунда турат.

## Корутунду

Диссертациянын корутунду бөлүмүндө изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жалпылаштырылды. Кийинки жарым кылымдан ашуун мезгилде (1960-2010-ж.) кыргыз адабиятынын идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик жактан өрүш алып, улуттук рамкадан чыгып, Союздук аренага чыгышында биз иликтөөгө алган Э.Турсуновдун чыгармачылыгынын да өз орду бар. Ал көркөм адабияттын поэзия, проза, драма, котормо, публицистика, адабий-тарыхый иликтөө сыяктуу бардык жанрларында, тармактарында үзүрлүү эмгектенип, алардын ар биринде байкаларлык из калтырды. Албетте, көрүнүп тургандай Э.Турсуновдун чыгармачылыгы, анын калеминен жаралган поэтикалык, прозалык, драмалык чыгармалардын, котормолор менен полемикалуу иликтөөлөрдүн бардыгынын телегейи тегиз, кынтыксыз эмес. Анын бир катар чыгармаларында көркөм чеберчилик маселесине барып такалган алешемдиктер, ийине жеткирилбеген кенемтелер бар. Бирок алардын көбү Э.Турсуновдун көркөм сөз менен иштей билген зергер прозаик, акын, котормочу, маселенин тек-жайын, маани-маңызын аңтара билген иликтөөчү экендигин жокко чыгара албаган, тигил же бул көркөм сөз чеберинин ишмердигинде кездеше берчү көрүнүштөр болуп чыгат. Кантсе да Э.Турсунов кайсы жанрда, кайсы темада иштебесин анын ичтейине сүңгүп кирип, ар тарабын кылдат караштырган, иликтеген илимпоздой мамиле жасаган, жоопкерчилиги өтө жогору сөз чебери экендиги айкын. Тынымсыз изденүүчүлүк сапат анын чыгармачылык натурасын башынан мүнөздүү экендиги көрүнүп турат. Нукура табыгий талант жана ошол тынымсыз изденүүчүлүк мээнет Э.Турсуновдун калеминен улуттук адабият тарыхында шексиз калчу чыгармалардын жаралышына алып келген. Анын ой чабытынын кенендиги, чыгармаларындагы турмуш көрүнүштөрүнүн жана каармандардын кыймыл-аракети, сезим-туюму менен мүнөздөрүнүн реалдуулугу, тилинин байлыгы жана жугумдуулугу, образдуулук менен лирикалуулук, публицистикалуулук жана гуманизм мындай бүтүм чыгарууга толук негиз берет.

Э.Турсунов совет мезгилинде да, эгемендүүлүк доорунда да өзүнөн улуу муундун жана замандаш калемдештеринин чыгармачылыгына кылдат байкоо салып, аларды кай жагынан

болбосун кайталабоо, мурда-кийин жазылган ирдүү чыгармалардын көлөкөсүндө калбаган чыгармаларды жазуу аракетин көрүп, анын толук акыбетин кайтарды да, "Э.Турсунов" деген өздүк мөөр басылгандай оригиналдуу чыгармаларды жаратты. Ал өзү чыгынып киришкен теманын чегин, өзү тандаган жанрдын идеялык-көркөмдүк мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, тереңдетүү багытында иштеп, көзгө толуп, көңүл ыраазы болгудай поэтикалык, прозалык, драмалык чыгармаларды жаратып, дүйнөлүк поэзиянын алптарын татынакай кыргыз тилинде сүйлөттү. Мына ушундай жондото айтылган, бирок чындыкка шайкеш келген сапаттардын өзү эле Э.Турсуновдун оригиналдуу, салмактуу, өзүнчөлүгү өтө жогору калем ээси экендигин айгинелеп турат.

Ошол эле учурда Э.Турсунов кезегинде союздук, кийин улуттук деп аталган адабий процесстерден четте турбагандыгы, алардын дурус жана буруш жагдайларына кааласа да, каалабаса да тушукканы, алардын жалпы багыттарын, тенденцияларын дайыма көңүлдө кармаганы түшүнүктүү. Бирок ал "көптүн арасында, көчтүн карасында" жүрө берүүнү каалабай, анын астында болуп, өз жолун табуунун аракетин көрүп келди. Ошол тынымсыз аракет, дарамет изденүү табыгий талант менен айкалыша келип, өз үзүрүн бербей койгон жок.

Натыйжада адабият тарыхында өз ордун ээлеп, түрдүү муундагы окурмандар талабын канааттандырууга жарамдуу чыгармалар жарыкка келди. Э.Турсуновдун чыгармачылыгы жанрдык-тематикалык жактан көп кырдуу, көп мүнөздүү, ошого жараша ал жараткан көркөм туундулардын идеялык-көркөмдүк наркы да салмактуу. Анын чыгармалары, баарын бирге карай келгенде сан жагынан да арбын б.а. анын чыгармачылык лабораториясы кең, масштабдуу десек болот. Ошондуктан көлөмү чектелүү бир иликтөөнүн чегинде алардын бардыгын камтуу, ар бирин ар тараптуу иликтөө мүмкүн эмес болуп чыкты да, анын поэзиясын, сонет жанрындагы изденүүлөрүн, котормочулук чарк-чамасын жана тарыхый темадагы прозасын талдоого алып, тиешелүү жыйынтыктарга келүү максатка ылайык деп табылды.

Э.Турсуновдун чыгармачылыгында көркөм кызыкчылык туудурган коомдук-социалдык, турмуштук көрүнүштөрдүн кеңдиги, фактылардын молдугу, ар жактуулугу тематикалык көп түрдүүлүккө, аларды жана адамдык өзүндөгү көп кырдуулукту чагылдыруудагы изденүүлөр, аны жеткиликтүү, ынанымдуу жана

образдар берүү аракеттери жанрдык, формалык, стилдик көп түрдүүлүккө алып келди. Булардын бардыгы Э.Турсуновдун бүткүл чыгармачылыгынын турпатын түзүп, кыргыз адабиятындагы олуттуу фигурага айлантты десек болот.

## Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:

1. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун поэзия жанрындагы көркөм изденүү чеберчиликтери [Текст] /К.А.Асаналиева //Вестник Иссык-Кульского университета. −2006. -№ 16. -221-226-б.

2. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун котормосундагы А.Пушкиндин “Евгений Онегин” романындагы айрым маселелери [Текст] /К.А.Асаналиева //Вестник Иссык-Кульского университета. -2006.-№ 17. -178 -183-б.

3. Асаналиева К.А. Сонет жанрындагы Э.Турсуновдун изденүү чеберчилиги [Текст] /К.А.Асаналиева //Кыргыз тили жана адабияты. - 2008. -№ 14. -88-96-б.

4. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун романындагы каармандардын тарыхый көркөм чагылдырылышы [Текст] / К.А.Асаналиева //Вестник Иссык-Кульского университета. -2010. -№ 28. -294-301-б.

5. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун “Балбай” романындагы тарыхый инсандардын образы [Текст] /К.А.Асаналиева //Вестник Иссык-Кульского университета. -2010. - № 28. -302-307-б.

6. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун чыгармачылык изденүүлөрү [Текст] /К.А.Асаналиева //Кыргыз тили жана адабияты. -2011. -№ 19. -131-136-б.

7. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун кыргыз поэзиясындагы акындык орду [Текст] /К.А.Асаналиева //КУУнун Жарчысы. -2011. -№ 3. -93-99-б.

8. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун алгачкы котормолору

[Текст] /К.А.Асаналиева //Кыргыз тили жана адабияты. -2011. -№ 20. -194-198-б.

9. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун чыгармачылыгы 60-жылдардан берки кыргыз адабиятынын контекстинде [Текст] /К.А.Асаналиева //Вестник Иссык-Кульского университета. -2012. -№ 31. -207-212-б.

10. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун “Ата Журт” романындагы Бурулчанын образы [Текст] /К.А.Асаналиева //Вестник Иссык-Кульского университета. -2012. -№ 33. -188-194-б.

11. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун “Автопортрет” ырлар жыйнагындагы көркөм изденүү чеберчиликтери [Текст] /К.А.Асаналиева //Кыргыз тили жана адабияты. -2013. -№ 23. -111-116-б.

12. Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун котормолорундагы айрым маселелер [Текст] /К.А.Асаналиева //Кыргыз тили жана адабияты. -2013. -№ 24. -131-134-б.

**Асаналиева Кыял Айбашовнанын “Эрнис Турсуновдун чыгармачылык изденүүсү” деген темадагы 10.01.01-кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## РЕЗЮМЕ

**Өзөктүү сөздөр:** чыгармачылык калыптануу, изденүү, поэзия, сонет, котормо, сюжет, композиция, традициялуулук, жанр, тархый роман, психологизм, көркөм образ, трагедия, проза, эссе, адабий процесс.

**Изилдөөнүн обьектиси** катары Э.Турсуновдун өткөн кылымдын 50-60-жылдарынан бери жарык көргөн поэтикалык, прозалык чыгармалары, котормолору, публицистикалык жана илимий изилдөөчүлүк мүнөздөгү эмгектери жана анын чыгармалары тууралуу ар кайсы мезгилде жарык көргөн адабий-сын макалалар кызмат кылды.

**Изилдөөнүн максаты.** Э.Турсуновдун советтик жана постсоветтик деп аталган доорлорду камтыган жарым кылымдык убакытта жаралган поэтикалык, прозалык чыгармалары, котормолору аркылуу анын чыгармачылык эволюциясын, сүрөткердик дараметин айкындоо жана улуттук адабияттын өнүгүшүндөгү ордун белгилөө иликтөөнүн башкы максаты болуп саналат.

**Изилдөөнүн методдору.** Изилдөөдө анализ, синтез, сыпаттама, салыштыруу методдору колдонулду

**Изилдөөнүн жыйынтыктары жана жаңылыгы**. Э.Турсуновдун чыгармачылыгы кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүш контексинде алгач ирет системалуу жана толук талдоого алынганы илимий иштин жаңычылдыгын айгинелеп турат.

**Диссертациянын жыйынтыктарын колдонуу боюнча сунуштар.**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын кыргыз адабият тарыхы боюнча изилдөөлөрдө, жогорку окуу жайларында, аны окутуу процессинде колдонууга болот.

**диссертационной работы Асаналиевой Кыял Айбашевны**
**на соискание ученой степени кандидата филологических наук**
**по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**
**«Творческие искания Эрниса Турсунова»**

**Ключевые слова**: жанр, композиция, литературные связи, перевод, поэзия, поэтическая традиция, поэтическая форма, проза, психологизм, сонет, сюжет, творческая эволюция, трагедия, художественные искания, художественная образность, эссе.

**Обьект исследования** – поэтические, прозаические произведений Э.Турсунова, его переводы иноязычных произведений, публицистические и исследовательские эссе, опубликованных с 50-60-е гг. XX в. по настояүее время, а также корпус научных и критические трудов разных лет и мемуарных материалов о творчестве выдаюүегося поэта и переводчика.

**Цель исследования –** историко-литературная характеристика художественного потенциала поэта и переводчика Э.Турсунова, поэтики его оригинальных произведений и переводов, его творческой эволюции в течение советской и постсоветской литературных эпох, значения его творческого вклада в развитие кыргызской национальной литературы.

**Методы исследования** апробированы в научном литературоведении: это *историко-типологический анализ* индивидуальной художественной системы, *теоретический анализ* значения творческого итога, исследование художественного творчества как *синтеза* поэтической и переводческой практики в контексте понимания национальной художественной целостности.

**Результаты исследования и его новизна**: поэтическое и переводческое творчество Э.Турсунова впервые исследовано системно и с достаточной полнотой в контексте исторического развития кыргызской литературы и тюркоязычных литератур Центральной Азии.

**Предложения по использованию результатов исследования.**

Материалы диссертации могут быть использованы при изучении истории кыргызской поэзии и формирования отечественной переводческой традициикак в гуманитарных вузах, так и обүеобразовательной школе.

**RESUME**

**of Asanalieva Kiyal Aibashovna**
**for the dissertation on the research "Ernis Tursunov`s works"**
**for a degree of candidate of philological sciences**
**10.01.01-kyrgyz literature**

**The key words**: genre, composition, literal connections, translation, poetry, poetic forms, proze, sonnets, novel, historical novel, psychology, fictive character, tragedy, polemics, systematize, literal character, essay

**The object of research** is the poetry, novels and their translations, publications and scientific research works of Ernis Tursunov and the articles about his works in present and in the 50s and 60s of the XX century and the scientific and critical works, memories about the works of the outstanding poet and translator.

**The aim of the research**: Historical and literal characteristics of artistic potential of the poet and translator Ernis Tursunov, poetics of his original works and translations, his creative evolution during the soviet and post-soviet epoch of literature, the significance of his creative contribution in the development of Kyrgyz national literature.

**The methods of the research**: Following approbations have been done in the scientific lieral studies: historical and typological analyzis of individual art system, theoretical analysys of the meanings, research of the artistic works as the synthesys of poetical and translational practice in the context of understanding creative works.

**The outcomes and novelty of the research:** The works of Ernis Tursunov is being first and fully researched in the context of the historical development of Kyrgyz literature.

**Suggestions for the practical usage:** The results of the research can used in the researches on Kyrgyz literature, and can be taught at the History of Kyrgyz literature course at higher educational

institutions.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун
полиграфиялык комплексинде басылды
Басуугa 14.05.14 берилди
Заказ 451 Көлөмү 1,5 басма табак.
Нускасы 100 даана
Тел.: (03922) 52696.